Кызыл-Кыя шаарындагы Токтогул атындагы №6 орто мектебинин 2022-2023-окуу жылындагы педагогикалык кеңешинин
№1 Протоколу

Токтогул атындагы №6 орто мектеби
Катышуучулар: 30.08.2022-ж.
Төрайым: Сарытаева Д. Т.
Катчы: Кадырбердиева А.
Мугалимдер: 42

**Күн тартибинде каралуучу маселелер**:

1. Өткөн окуу жылынын жыйынтыгы, жаңы окуу жылынын милдеттери.
2. Мугалимдерди тарификациялоо.
3. Коомдук тапшырмаларды аткарууга мугалимдерди бекитүү.
4. “Кыргыз жараны” логотиби боюнча маалымат берүү.
5. Ар түрдүү маселелер.

**Угулду:**

1-маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Эгембердиева А. сүйлөдү:

- Саламатсыздарбы кесиптештер! Баарыңыздарды жаңы окуу жылыңыздар менен куттуктаймын! Жаңы окуу жылында жаңы дем, күч менен иштеп бересиздер деген үмүттөмүн. Ишибизди ийгиликтер коштосун.

  Былтыркы окуу жылы 876 окуучу менен башталган. 1-4-класстарда 340, 5-9-класстарда 480, 10-11-класстарда 56 окуучу, ал эми жыл аягында 846 окуучу менен аяктадык. Билим сапаты мектеп боюнча 38,2%ды түздү. Эң жогорку билим сапатын 56%дан жогору 2-а, 4-а, 4-б класстары көрсөттү. Эң төмөнкү көрсөткүч билим сапаты боюнча 7-в, 8-а, 9-в класстары болду.

  Ал эми 11-класстарда ЖРТга 11 окуучу катышып, орточо балл 112,4 болду. Бул былтыркы окуу жылына салыштырмалуу 1,5 балга эле жогору болду. Эң жогорку балл 164 Салиева Г. болсо, эң төмөнкү балл 65 балл болду. Предметтер боюнча тарых 67 б, математика 68 б, химия 54 б, биология 50 б, англис тили 94 б көрсөттү. Башкача айтканда көрсөткүчтөр төмөн болуп калды.

  Пиза долбооруна даярдануу максатында апрель айында 2-11-класстын окуучуларынан предметтик тесттерди алганбыз. Анын жыйынтыгы боюнча бардык предметтерде билим сапаты жогору берилип калгандыгы белгиленген.

  Окуу жыл ичинде пландаштырылган иш-чаралар негизинен аткарылды. Ачык сабактар аз өтүлдү. Жумалыктар, күндөр толук өтүлдү. Олимпиадаларга катышуу болду. Окуу программасы көпчүлүк предметтерде толук аткарылды. Чийүү сабагынан мугалим жок, чийүү сабагы вакантта турду.

  Жаңы окуу жылынын милдеттери белгиленди.

  Жарыш сөзгө чыккандар:

1. Мектеп директору Сарытаева Д. Т.

- Жаңы окуу жылыңыздар куттуу болсун! Чын ден-соолук, тынчтык, ийгиликтер болсун! Былтыркы окуу жылында мектептин педагогикалык коллективинин ичинде бир топ ийгиликтер, жеңиштер, жетишкендиктер болду. Бирок бир катар иштердин үстүндө иштөөчү иштер турат. Алсак, билим сапаты төмөн көрсөткүчтү көрсөткөн класстарын, предметтик олимпиадада, ЖРТтин үстүнөн иштөө. Мен ойлойм, ата-энелер менен байланышта предметтик мугалимдер өз билимибизди терендетип, күчөтүү тартибинде иштешибиз зарыл.

2. Умаралиева Т. – кыргыз тили жана адабияты мугалими:

- Мен 9-а классына жетекчимин. Бул класстын билим сапаты төмөн болду. Ата-энелер менен мугалимдер, мугалимдер менен окуучулар жана окуучулар менен ата-энелербайланышын быйылкы окуу жылында колго алам.

3. Мамазияева Д. – англис тили мугалими:

- Мен 7-в жана 9-в класстарына класс жетекчимин. Бул класстардын билим сапатынын төмөн болушуна менин 2 класс менен иштөөм, тажрыйбамдын аздыгы болду. Ата-энелер менен да тыгыз

байланышты күчөтүү экендигинде деп түшүндүм. Мен быйылкы окуу жылында бул кемчилдиктердин үстүнөн иштеймин деген жыйынтыкка келдим.

**Жогорудагы 1-маселени карап чыгып, педагогикалык кеңеш чечим кылат:**

1. 2021-2022-окуу жылынын отчёту канааттандыраарлык деп бааланcын.
2. Билим сапаты төмөн чыккан 8-в, 9-а, 9-в класстарынын үстүнөн кошумча көзөмөл иштери жүргүзүлсүн.
3. Шаардык, олимпиадага, ЖРТга окуучуларды татыктуу даярдоо мугалимдерге милдеттендирилсин.

2-маселе боюнча мектеп директору Д. Сарытаева билдирүү жасады:

- Өткөн окуу жылынын аягында мугалимдердин айлык акылары жогорулап, чоң кубануу болду. Бирок сентябрь айынан жаңы тарификациялоо нормалары менен сабактар тарификацияланат. 1 ставка 5-11-класстарда 18 саат, 1-4-класстарда 16 саатты түзөт. Сабакка даярдануу, методикалык иштер үчүн төлөнбөйт. Эң көп сабак жүктөмү 5-11-класстарда 27 саат, 1-4-класстарда 24 саатты түзөт. Мектеп администрациясы үчүн 1 ставкага – 9 саат, 0,5 ставка – 18 саат, 0,25 ставка – 22 саат жүктөмү берилет. Кружоктук сааттар 0,25 ставкадан жогору берилет. Мамлекеттик базистик окуу планында 5, 8, 10-класстар үчүн окутуу кыргыз тилинде 1 саат, окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстар үчүн 5-класстарда
  1 саат кошумча окутуу үчүн мектеп компоненти берилген, кошумча билим берүүнү жогорулатсакболот? Сунушуңуздарды айтсаңыздар болот.
  Жарыш сөзгө чыккандар:

1. Алимбаева Т. – кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин башчысы:
- Мен 1 саат мамлекеттик компоненти 10-б класстарда кыргыз тилине берилсе сиздерден суранам. Себеби кыргыз тили негизги тилдин, сабактардын бири. Балдардын кыргыз тили боюнча билим деңгээлин көтөрүү керек деп ойлоймун. ЖРТга даярдоодо жардам болот.

2. Тагаева А. – англис тили мугалими:
- 5-класстарда мамлекеттик компонентин математика сабагына берсек. Бул сабак да негизги сабак. Окуучулардын көпчүлүгү үчүн математика сабагын өздөштүрүү кыйыныраак болот. Себеби менин классым былтыркы окуу жылында 5-класста окуган. Математика предметин өздөштүрүү бир аз кйыныраак болгон.

3. Мамазияева Д. – англис тили мугалими:
- 8-класстагы 1 саат кошумча саатты англис тили сабагына берүүңүздөрдү сууранам. Англис тилинин бүгүнкү күндө ролу чоң. Балдар үчүн өздөштүрүү бир кыйла татаал болгондуктан 1 саат кошумча өтүлсө, билим сапаты да жогорулайт деп ойлоймун.

**2-маселени карап чыгып, педагогикалык кеңеш чечим кылат**:

1. 5-класстардагы мамлекеттик компоненттин 1 саат кошумча окуу үчүн англис тилине, 8-класстарга математика сабагына, 10-класстарга кыргыз тилине берилсин.
2. Предметтик мугалимдер тарабынан бул сааттар үчүн мамлекеттик стандарттын негизинде терендетилген окуу үчүн календарык пландар түзүлсүн.

3-маселе боюнча тарбия завучу Г. Бекенова сүйлөдү:

- Урматтуу кесиптештержыл сайын эле окуу жылынын башында усулдук бирикме жетекчилерин, “Алдын алуу”, “кыздар кеңеши”, “балдар кеңеши”, жаш мугалимдер үчүн насаатчыларды, “этика комиссиясын”, соцпедагогдун жардамчысын шайлап алсак.

Жарыш сөзгө чыккандар:

1. Мурзабекова Ы. – биология мугалими:
- Урматтуу кесиптештер, бардык коомдук тапшырмаларга талкуу, анализ жүргүзүүдөн соң, татыктууларды көрсөтүп, шайлоону ачык эле кол көтөрүп шайлап алсак. (Мугалимдер өз ара талкуулап, бөлүнгөн тапшырмаларга татыктууларды көрсөтүштү).

**3-маселени карап чыгып, педагогикалык кеңеш чечим кылат**:

1. Усулдук бирикмелердин жетекчилери болуп, төмөнкү мугалимдер шайлансын:
   - ✓ Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесине Алимбаева Т.;
   - ✓ Орус тили жана англис тили усулдук бирикмесине Жээнбаева Г.;
   - ✓ Табигый-тарых усулдук бирикмесине Атаханова Ш.;
   - ✓ Так илимдер усулдук бирикмесине Мурзакматова З.;
   - ✓ Башталгыч класстар усулдук бирикмесине Осмонова Г.;

- ✓ Прикладдык искуствого Амираев М.
2. Кыздар кеңешинин төрайымы болуп, Жээнбаева Г., мүчөлөрү Алимбаева Т. жана Тагаева А. шайлансын.
3. Балдар кеңешинин төрагасы болуп Амираев М., Кадырбек у К. жана мектеп участковойу Калматов Т. шайлансын.
4. Мугалимдердин жүрүм-турумун тескөөчү этика комиссиясы түзүлүп, курамы төмөнкү мугалимдерден куралсын.

- Турдумаматова А. – төрайым, профком.
- Умаралиева Т. – мүчө, кыргыз тили жана адабияты мугалими.
- Мурзакматова З. – мүчө, математика мугалими.

5. Алдын алуу кеңешинин мүчөлөрү болуп, төмөнкү мугалимдер шайлансын:
   1) Атаханова Ш. – төрайым,
   2) Бекенова Г. – тарбия завучу,
   3) Турдумаматова А. – профком,
   4) Беккелдиева Б. – ата-энелер комитети,
   5) Калматов Т. – ИДН,
   6) Алимбаева Т. – мугалим,
   7) Кошокова А. – мугалим.
6. Жаш мугалимдерге төмөнкү мугалимдер насаатчы болуп дайындалсын:
   1. Мамазияева Д. – Мурзабекова Ы.
   2. Максытова К. – Исакова А.
   3. Кадырбек у К. – Амираев М.
   4. Абдуллаева Н. – Бекенова Г.
   5. Шамшиева Э. – Осмонова Г.
   6. Зайлабидин к Н. – Мурзакматова З.
   7. Кадырбердиева А. – Эргешова Г.
   8. Ысмайылова Н. – Абдыкадырова Г.
   9. Шайдилла к Д. – Алимбаева Т.
   10. Абдукаримова Ш. – Эсен к Т.
   11. Абдисамат к С. – Тойгонбаева Б.

4-маселе боюнча тарых мугалими Пирматова Г. сүйлөдү:

- Урматтуу мугалимдер, сиздер менен “Кыргыз жараны” логотиби боюнча семинарыбызды баштоо алдында бир ооз чарчооңуздарды жазуу үчүн “Картошка” оюну менен физ.минутка жасап алсак. Азаматсыздар.

Урматтуу мугалимдер бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын президенти С. Н. Жапаров тарабынан “2021-2025-жылдары Кыргыз Республикасынын “Кыргыз жараны” деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы жөнүндө” жарлыгы чыкты. Мында Кыргыз Республикасында элдин биримдигин, этностор аралык мамилелерди чыңдоо, жарандык бирдейликтин термини болуп саналат.

Анын өзүнүн логотиптик белгиси кабыл алынган. (Экранда слайд менен көрсөтүлдү). Беш шакекчеден турат. Ар бир шакекченин биригиши- өлкөнүн 2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасындагы жарандык бирдейликтин өнүгүү иш чараларынын концепцияларын камтыйт. Логотиби маданият, информация, спорт жана жаштар Министерствосунун ишмердүүлүгү тарабынан иштелип чыккан.

**Педагогикалык кеңеш 4-маселени карап чыгып, чечим кылат:**

1. Кыргыз жараны концепциясын ишке ашыруу боюнча иш чараларга активдүү катышуу.
2. Концепцияны ишке ашыруу боюнча мектептин көрүнүктүү жерлерине “Кыргыз жараны” логотибинин эмблемасы илинип, маалыматтар берилсин.

Башка маселелер болгон жок.

Педкеңештин төрайымы: Сарытаева Д. Т.

Катчы: Кадырбердиева А.